**«Кыргызстан Ислам Университети» мекемесинде программалык (531600 «Теология» бакалавр) аккредитациялоонун алдын ала жыйынтыктары**

**Төрага:** Дүйшөнкул уулу Курсанбек,
Ислам Академиясы, илимий иштер боюнча проректор,
«Дин философиясы жана дин таану» адистиги боюнча
философия доктору (PhD)

________________

**Комиссиянын мүчөлөрү:** Себетов Жаркынбай Базарбаевич,
ОшМУ, «Арашан» гуманитардык институту,
Теология факультетинин академиялык иштер
башкармалыгынын башчысы

________________

Мураталиев Сабыр Абдулкасымович,
"Манас" КТУ ага окуутучусу, "Дин философиясы жана дин тануу"
адистиги боюнча философия доктору (PhD)

________________

**Референт:** Осмонбетова Венера Кубанычбековна,
КР Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы
Мамлекеттик башкаруу Академиясынын доценти, э.и.к.

________________

***21.05.2026-ж.***

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ЖАНА УЮМДАРЫ БОЮНЧА АКРЕДИТАЦИЯЛЫК АГЕНТТИК

**“Кыргызстан Ислам университети" мекемеси (мындан ары – КИУ) - билим берүү чөйрөсүндө билим берүү, илимий-изилдөө, өндүрүштүк коммерциялык жана башка иштерди жүзөгө ашырган мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү мекемесинде ишке ашырылган, 531600 Теология (бакалавр) багыты боюнча сырттан баалоонун алгачкы жыйынтыктары:**

## Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Күчтүү жактары:** Өзгөчө билим берүү чөйрөсү: Кыргызстан Ислам университети – ислам этикасынын принциптерине, академиялык чынчылдыкка, толлеранттуулукка жана маданий көп түрдүүлүктү урматтого негизделген туруктуу билим берүү чөйрөсүн түзгөн.

**Алсыз жактары:**

1. 531600- Теология (бакалавр) багыты боюнча негизги кесиптик билим берүү программалары жетишсиз иштелип чыккан.
2. Билим берүү программасынын мазмунуна мониторинг жүргүзүү жана кийин аны өркүндөтүү боюнча башкаруу чечимдерин кабыл алуу толук ишке ашырылбайт.
3. Билим берүү программасында окутуучулар тарабынан инновациялык окуу-усулдук ресурстар жана заманбап педагогикалык технологияларды пайдалануу жетишсиз.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 1- августуна чейин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын, анын ичинде иш берүүчүлөрдүн суроо-талаптарын эске алуу менен **531600- Теология (бакалавр)** билим берүү программасынын максаттарын иштеп негизги кесиптик билим берүү программаларын жыйынтыктоону камсыз кылуу.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү программаларынын мазмунуна мониторинг жүргүзүү механизмин иштеп чыгуу жана бекитүү, алардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануу деңгээлин баалоо үчүн студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн мезгил-мезгили менен сурамжылоосун камсыз кылуу.
3. 2026-жылдын 1- декабрына чейин окутуучулар тарабынан инновациялык окуу-усулдук ресурстар жана заманбап педагогикалык технологияларды пайдаланууну системдештирүү.

**1-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**2-стандарт ишке ашырылып жатат.**

**Стандарт 3. Окуучуга багытталган окутуу жана окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин баалоо.**

**Алсыз жактары:**

1. Кыргызстан Ислам университетинин студенттеринин арасында академиялык мобилдүүлүк жетиштүү уюштурулган эмес.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрынан тартып студенттер арасында академиялык мобилдүүлүктү системалуу түрдө киргизүү (чет өлкөдө).

**3-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**Стандарт 4. Педагогикалык жана тарбиялык көмөкчү персонал.**

**Алсыз жактары:**

1. Профессионалдык дисциплиналар боюнча, анын ичинде мамлекеттик тилде да жер-жерлерде иштелип чыккан окуу куралдарынын жана окуу китептеринин саны жетишсиз.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрга чейин жыл сайын жыйынтыктарды талдоо жана оңдоо чараларын көрүү менен кесиптик дисциплиналар боюнча, анын ичинде мамлекеттик тилде өздүк окуу куралдарын жана окуу китептерин даярдоо жана басып чыгаруу боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыксын жана ишке ашырылсын.

**4-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.**

**Алсыз жактары:**

1. Окутуучулар үчүн илимий стажировкалар жана академиялык мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз.
2. Университеттин алдында илимий журналды жоктугу.

**Сунуштар:**

1. 01.09.2026-ж.чейин окутуучулар үчүн илимий стажировкалар жана академиялык мобилдүүлүгүн пландоо жана системдүү түрдө ишке ашыруу.
2. 01.05.2027ж. чейин окутуучулардын, изилдөөчүлөрдүн илимий макалаларын жарыялоо, университеттин илимий потенциалын жогорулатуу жана эл аралык илимий байланыштарды кеңейтүү максатында илимий журналды түзүү.
3. 01.05.2027ж .студенттердин активдүүлүгүн арттырууга, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана университеттин ички академиялык чөйрөсүн жандандыруу максатында студенттердин илимий, маданий жана чыгармачылык иштерин чагылдырган “Студенттер жарчысы” аттуу маалыматтык же илимий макалалардын басылмасын ишке ашыруу.

**5-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**6 - Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары үчүн)**

**Алсыз жактары:**

1. Персоналдын жана билим алуучулардын илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын окуу процессинде жана өндүрүштө пайдалануу боюнча сыйлоо системасы толук кандуу жолго коюлган эмес.
2. Персоналдын жана билим алуучулардын беделдүү басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу жетиштүү түрдө жолго коюлган эмес.
3. Студенттердин жана окутуучулардын илимий изилдөөлөрү үчүн ички жана тышкы (гранттар, долбоорлор, бизнес келишимдер ж.б.) каржылоону пайдалануу жол-жобосу толук иштелип чыккан эмес.

**Сунуштар:**

1. 01.09.2026-ж.чейин персоналдын жана билим алуучулардын илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын окуу процессинде жана өндүрүштө пайдалануу боюнча сыйлоо системасын иштеп чыгуу.
2. 01.01.2027-ж.чейин персоналдын жана билим алуучулардын беделдүү басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу иштерин пландоо жана системдүү түрдө ишке ашыруу.
4. 01.09.2026-ж.чейин студенттердин жана окутуучулардын илимий изилдөөлөрү үчүн ички жана тышкы (гранттар, долбоорлор, бизнес келишимдер ж.б.) каржылоону пайдалануу жол-жобосун иштеп чыгуу.

**6-Стандарт**
**жетишсиздиктер менен аткарылып жатат**

**СТАНДАРТТАРДЫН ИШКЕ АШЫРЫЛУУСУН БААЛОО**

| | |
|---|---|
| Стандарт 1 | жетишсиздиктер менен аткарылып жатат |
| Стандарт 2 | аткарылып жатат |
| Стандарт 3 | жетишсиздиктер менен аткарылып жатат |
| Стандарт 4 | жетишсиздиктер менен аткарылып жатат |
| Стандарт 5 | жетишсиздиктер менен аткарылып жатат |
| Стандарт 6 | жетишсиздиктер менен аткарылып жатат |

**Эксперттик комиссиянын аккредитациялоо жөнүндө чечиминин долбоору:**

**«Кыргызстан Ислам университети” мекемесиндеги 531600 “Теология” (бакалавр) багытындагы жогорку кесиптик билим берүү программасы 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо сунушталсын.**

**21.05.2026 ж.**